***DOI:10.26104/NNTIK.2023.27.83.020***

*Акматова Ч.А.*

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН МУГАЛИМДЕРИН ДАЯРДООДО ДИФФЕРЕНЦИЯЛАНГАН ОКУТУУНУН МААНИСИ

*Акматова Ч.А.*

## ВАЖНОСТЬ ДИФФЕРЕНЦИРОВАННОГО ОБУЧЕНИЯ В ПОДГОТОВКЕ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЫ

*Ch. Aktatova*

## THE IMPORTANCE OF DIFFERENTIATED INSTRUCTION IN THE TRAINING OF PRIMARY SCHOOL TEACHERS

*УДК: 373.1*

*Бул макалада башталгыч мектепте окутуу процессин уюштурууда дифференцияланган окутуунун мааниси жана ролу жөнүндө баяндалды. Ар кандай түрдөгү окуучулардын жеке муктаждыктарын эске алган тапшырмаларды колдонуу жетишсиз экендиги мугалимдердин сабактарына байкоо жүргүзүү учурунда байкалды. Ошондуктан, окуучулардын билимдерди өздөштүрүү, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуусу ар бир окуучудан көз каранды болору белгиленди. Окутуу процессинде ар бир баланын индивидуалдуулугун, инсандыгын эске алууда дифференцияланган окутууну колдонуу окуучунун предметти терең жана кеңири түшүнүүгө, ой жүгүртүүсүн же окуу көндүмдөрүн кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк түзөөрү көрсөтүлдү. Окутуу процессин уюштуруу жана башкаруу, окуу чөйрөсүн окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүнө ылайыкташтырууда дифференцияланган окутуунун стратегиялары сунушталды. Натыйжада мындай стратегияларды колдонуу аркылуу окуучулар алган билимдерин практикада колдоно ала тургандыгы айтылды.*

***Негизги сөздөр:*** *башталгыч класс, дифференцияланган окутуу, окуу көндүмдөрү, дифференцияланган окутуунун стратегиялары.*

*В данной статье рассказывается о значении и роли дифференцированного обучения в организации учебного процесса в начальной школе. Недостаточное использование заданий, учитывающих индивидуальные потребности и способности различных учащихся, было замечено во время наблюдений уроков учителей. Поэтому было отмечено, что от каждого учащегося будет зависеть усвоение знаний, приобретение навыков и умений. Было показано, что применение дифференцированного обучения с учетом индивидуальности каждого учащегося в процессе обучения дает возможность учащемуся глубже и шире понять предмет, развить его\ее мышление и улучшить навыки чтения. В этой статье предлагаются стратегии дифференцированного обучения по организации и управлению учебным процессом, адаптации учебной среды к возможностям учащихся. В результате использования таких стратегий учащиеся могут применять полученные знания на практике.*

***Ключевые слова:*** *начальный класс, дифференцированное обучение, навыки чтения, стратегии дифференцированного обучения.*

*This article describes the importance and role of differentiated instruction in the organization of the educational process in primary school. Insufficient use of tasks that takes into account the individual needs and opportunities of different kinds of students was observed during the observations of teachers' lessons. Therefore, it was noted that the assimilation of knowledge, the acquisition of skills and abilities will depend on each student. It has been shown that the use of differentiated instruction taking into account the individuality of each child in the teaching\learning process gives the student the opportunity to understand the subject deeper and wider, develop his\her thinking and improve reading skills. In this article the strategies of differentiated instruction on the organization and management of the educational process, adaptation of the learning environment to the capabilities of students are suggested. As a result, of the the use of such strategies, students can apply their knowledge in practice.*

***Key words:*** *elementary grade, differentiated instruction, reading skills, strategies of differentiated instruction.*

Ааламдашуу мезгилиндеги Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында дүйнөлүк глобалдашуу процессинин алкагында ар тараптуу реформалоого жана жаңылануга багытталган иш-аракеттер жүрүп жатканы баарыбызга белгилүү. Бул реформалоо иштеринин мүнөзү эң алгач өсүп келе жаткан жаш муундардын муктаждыгын, каалоосун, кызыгуусун, жөндөмүн, мүмкүнчүлүгүн эске алган билим берүүнүн сапатын камсыздоо маселеси турат. Мындай билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу үчүн билим берүү процессинин теориялык жана практикалык тажрыйбаларын илимий жактан негиздеп жана дүйнөлүк билим берүүдөгү алдыңкы тажрыйбаларды башталгыч мектеп практикасына кийирүүнү талап кылат.

Башталгыч мектепте окуучулардын окуу көндүмдөрүн калыптандырууда дифференцияланган окутуу актуалдуу маселе бойдон калууда деп айтсам жаңылышпайм. Анткени, бул окутуу биринчиден окуу көндүмдөрүн калыптандырууда даярдыкты камсыз кылууга, экинчиден предметке болгон кызыгуусун жана жөндөмүн көрсөткөн ар бир окуучунун муктаждыктарын канааттандырууга мүмкүндүк берет. Окуу-тарбия процессинде ар бир окуучунун жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен оң натыйжага жетишүүгө болоорун башталгыч класстын мугалими билүүгө тийиш. Ал эми окуу материалын кабыл алуу, билим деңгээли, таанып билүү жөндөмү бардык балдарда бирдей эмес болгондуктан, иштин жамааттык формасында сабакта окутууда дифферен-

цияланган мамиле керек.

Балдардын жекече айырмачылыктарынын көйгөйү жана алардын дифференцияланган окуусу педагогдорду жана илимпоздорду көптөн бери түйшөлтүп келет жана социалдык психологиялык, философиялык гана эмес, ошондой эле чыныгы педагогикалык көйгөй болуп саналат.

Мугалим көп деңгээлдүү тапшырмалар аркылуу балдарды окутуунун деңгээлин жана алардын жеке өзгөчөлүктөрүн туура аныктаган учурда гана билим берүү процессин индивидуалдаштырууну камсыз кылууга болот.

Иш жүзүндө индивидуалдык жана дифференцияланган окутуу тыгыз байланышта, башкача айтканда, окутууда жекече мамиле дифференциация аркылуу ишке ашырылат. Ал эми бул, инсанга багытталган окутуу болуп саналат [6, 12-б.].

Билим берүү процессин жекелештирүү жана дифференциялоо окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн жана жөндөмдүүлүктөрүн эмес, алардын комплексин эске алууну болжолдоп, анын натыйжасында, мугалим окуу материалын максималдуу өздөштүрүүнү камсыздоого жетише алат.

Окуучулардын типтүү айырмачылыктарын эсепке алуу менен мүнөздөлүүчү окуу-тарбиялык процесс дифференцияланган процесс деп, ал эми мындай процесстеги окутуу болсо дифференцияланган деп аталат [5].

Дифференцияланган окутуу – бул бардык окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн жана жөндөмдүүлүктөрүн эске алуу менен окутуу [1, 20-б.].

Окутууну дифференциялоо – бул түрдүү класстардын, топтордун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окутуунун түрдүү шарттарын камсыздоо. Ал эми дифференциялоонун максаты – бул ар бир окуучунун мүмкүнчүлүктөрүнүн, жөндөмдөрүнүн, өзгөчөлүктөрүнүн деңгээлине жараша окутуу [2, 7].

Окутууну дифференциялоо – дидактиканын эң негизги проблемаларынын бири, анткени, окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эсепке алып, алардан толук пайдаланган кезде гана окутуунун билим берүүчүлүк жана тарбиялоочулук гана эмес, балдардын өнүгүүсүнүн жогорку потенциалына жетишүүгө болот.

Дифференциялоонун мааниси төмөндөгүчө мүнөздөлөт: Окуу программаларынын мазмуну окуу процессинде окуучулардын бардыгына тең бирдей окутулат. А бул мугалим үчүн чоң дидактикалык маселе, анткени класстагы окуучулардын туюп-сезүү, кабыл алуу жөндөмдүүлүктөрү, деңгээлдери ар түрдүү: айрым окуучулар коюлган маселени өз алдынча түшүнүп, ой жүгүртүп чыгара алышат, кээ бирлерине бул маселени чече ала тургандай кылып майдалап түшүндүрүүгө туура келсе, ал эми үчүнчүлөрүнө ошол эле маселени чыгаруу жолун, планын толук түшүндүрүп көрсөтмөйүнчө алар өз алдынча ойлонуп чыгарууга аракеттенишпейт. Демек, ойлонуп эмгектенүүнүн темпи боюнча окуучулар бири-биринен өтө айырмалуу келишет: начар окуучуларга караганда күчтүү окуучулар окуу материалын үч эсе тез кабыл алып түшүнүшө тургандыгы практикада белгилүү болгон. Бирок, ага карабастан, практик-мугалимдер окутуунун темпин класстагы «орточо» окуучунун темпине ылайыктап уюштуруп, жаңылыштык кетиришет. Мындай шартта тез ойлонуп иштөөчү күчтүү окуучулар толук өсүп-өнүгө алышпайт, тескерисинче алар үчүн коюлган маселе же тапшырма жеңил болуп, алардын өсүп-өнүгүшү кескин түрдө токтотулат. Ал эми жай ойлонуп иштөөчү, колдоого муктаж балдар окутуунун бул орточо темпине жетише албай, кыйынчылык жаралып өзүн алсыз сезип, окуучулар жамаатынан алыстай баштайт. Натыйжада мындай окуучулар кээде өздөрүн ойлонуп эмгектенүүгө жөндөмсүзмүн, демек, толук баалуу эмесмин деген сыяктуу жаңылыш пикир чыгарышы мүмкүн. Тилекке каршы, мектеп практикасында жай ойлонуп иштөөчү окуучуларды кээде сабакты билбеген окуучуларга теңешет, мугалимдер мындай окуучуларды көп учурда жалкоолонуп, жакшы окугусу келбеген окуучулардай эсептешет.

Жай ойлонуп эмгектенүүчү окуучулардын нормалдуу иштөөлөрүнө шарт түзүү максатында өлкөбүздүн айрым алдыңкы мугалимдери төмөндөгүдөй чараларды көрүшөт. Бирдей эле өлчөмдөгү тапшырманы чыгаруу үчүн мындай окуучуларга кошумча убакыт беришет. Бирок, берилген кошумча убакыт үчүн аларга коюлуучу балл төмөндөтүлбөйт. Жай ойлонуп иштөөчү окуучуларга мугалим башкаларга салыштырмалуу тез-тез колдоо, жардам берет. Ошондой эл алар мыкты окуган алдыңкы окуучулардын жардамынан да пайдаланышат (шефтикке алышат). Бирок, мына ушул жардамдардын көрсөтүлгөндүгүнөн алардын билиминин бааланышы эч төмөндөтүлбөйт, башкача айтканда алардын билимине баа коюуда көрсөтүлгөн жеңилдиктер эсепке алынбайт. Мында мугалим үчүн эң башкысы, жай ойлонуп иштеген окуучунун класска коюлган маселени кандайча чыгарыла тургандыгын түшүнүүсү маанилүү.

Бул боюнча «Кызматташтыкта, - деп жазат Л.С. Выготский, - кимдир бирөөнүн жетекчилиги астында, бирөөнүн жардамы менен бала ар дайым өз алдынчага караганда көбүрөөк иш жасап, кыйла татаал маселелерди чече алат… Өз алдынча ишке караганда **кызматташтыкта** бала күчтүү да, акылдуу да болуп калат, ал өзү чечүүчү интеллектуалдык кыйынчылыктардын деңгээли боюнча жогору көтөрүлөт… Окутуунун бүткүл психологиясы үчүн борбордук момент – бул **кызматташтыкта** жогорку интеллектуалдык тепкичке көтөрүлүү мүмкүнчүлүгү, баланын билге-

нинен биле элегине өтүүсү…». Демек, окутуу жана өнүгүү билим берүүнүн негизги түшүнүктөрү катары ар бири өзүнчө статуска ээ [3, 27-б.].

Психолог Выготскийдин айтымында, «билим берүүнүн жалпы максаты өнүгүүнү жаратуу жана башкаруу, ал маданияттын интернализациясы жана социалдык мамилелер аркылуу социалдык окутуунун натыйжасы болуп эсептелет» деген [4]. Мындан, адамдын билим алуусу – социалдык процесс экендиги тууралуу айтып балдар теңтуштары менен өз ара аракеттенүүнү көндүмдөрдүн өнүгүүсүнүн натыйжалуу жолу болоорун баса белгилеген.

Демек, өзгөчө башалгыч класстын окуучусу билим, билгичтиктерге ээ болууда мугалимдин жардамына муктаж экендигин эске алуу зарыл. Мугалим менен окуучунун ортосундагы мындай жетекчиликти жана кызматташтыкты терең түшүнүү үчүн илимпоздор «Курулуш шатылары» (Скаффолдинг) деген концепциясын сунушташат. Имаратты курууда колдонулуучу шатылар куруучуга имаратты курууда убактылуу керек болгондой эле, окутуудагы «Курулуш шатылары» – бул окуучуларга жардам берүү, колдоо метафорасы [1, 21-б.].

«Скаффолдинг» термини биринчи жолу 1976-жылы Дэвид Вуд жана Джером Брунердин эмгектеринде колдонулган. «Скаффолдинг» термини баланын жакынкы өнүгүү зонасында аны алдыга жылдыруу үчүн чоң адамдар уюштурган педагогикалык колдоонун өзгөчөлөнгөн түрү.

«Окуу керемет» долбоорунун алкагындагы окуучулардын математикалык жана окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө карата берилген модулдардагы үлгү сабактар жана Moodl системасындагы видео-сабактар «Скаффолдинг» концепциясынын негизинде иштелип, башталгыч класстын мугалимдерине сунушталып, практикада ишке ашырылып, өз натыйжасын берүүдө. Мында, мугалим окуучуларга тапшырманы аткаруунун үлгүсүн көрсөтүп берет, ал эми окуучулар тапшырманын аткарылышына байкоо жүргүзүшөт. Андан соң окуучулар тапшырманы аткаруунун ырааттуулугун жана мугалим менен бирге окутуунун стратегияларын колдонууну практикалашат. Тапшырманы өз алдынча аткаргандан кийин, окуучу окутуу процессинде өзүн коопсуз чөйрөдөн сырткары ишенимдүү сезип, жыйынтыгында алар калыптанган билимдерин жана компетенттүүлүктөрүн өз алдынча колдонууга жетише алат.

Андан сырткары дифференциацияланган окутууну уюштурууда мугалимге эң алгач сабактын же тапшырманын максаттарын SMART критерийлери боюнча аныктоо сунушталат:

- S (Specific) – конкреттүү, спецификалык;
- M (Measurable) – ченеле, өлчөнө турган;
- A (Achievable) – жетишиле турган;
- R (Realistic) – реалдуу; натыйжага багытталган;
- T (Time-bound) – убакыт менен чектелген.

Сабактын максатынын өлчөнө турган болушу анын натыйжаларын баалоого өбөлгө түзөт. Маселен, «баланын окуу көндүмдөрүн өркүндөтүү» деген максатты кантип баалоого болот? «Жакшыртуу», «өстүрүү», «өнүктүрүү», «көбөйтүү», «тарбиялоо» деген өлчөнбөй турган этиштерди «салыштыруу», «талдоо», «мисал келтирүү», «калыптандыруу», «иштеп чыгуу» сыяктуу этиштер менен алмаштыруу максаттарды баалоого мүмкүнчүлүк берет. Бул өнүттөн алганда балдардын иш-аракети көрүнүп турган жана ченелүүчү этиштерди колдонуу максатка ылайык болот. Сабактын максаты сабак аяктаганда окуучулар жетише турган акыркы натыйжаларды так, реалдуу чагылдырышы керек. Ошондуктан сабактын аягында сабактын максаттарына кайра кайрылып, окутуу процессинде эмнелер кандайча аткарылганына талдоо жасоо абдан пайдалуу болот.

Мугалимдин негизги функцияларынын бири – окутуу чөйрөсүнө да көңүл буруу. Класстын физикалык мейкиндиги (класста парталардын жайгашуусу), психологиялык атмосфера (окуучулар топтук тапшырмаларды аткарууда топ мүчөлөрү менен болгон мамилеси жакшыбы? Өз ойлорун эркин билдире алышабы?), окуучулардын жоопторун «туура-туура эмес» деген сөздөрдү колдонбоо, алардын жеке тажрыйбасын, мүмкүнчүлүгүн эске алуу маанилүү.

Окуу көндүмдөрүнүн өнүгүүсүнүн деңгээлине жана окуучулардын мүнөзүнө ылайыктуу мугалимдерге ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмаларды даярдоо маселеси турат. Башкача айтканда, ар түрдүү татаалдык деңгээлиндеги үч дифференцияланган «А», «Б», «В» тапшырмаларын иштеп чыгуу:

1-деңгээл. Репродуктивдик. Бул деңгээл билүү, түшүнүү деңгээлинде колдонулат, жана бул учурда мугалимдин кошумча колдоосу керек (толук көрсөтмө берүү, жалпы класс менен иштөө, жазуу иштеринен кийин талдоо жүргүзүү, көрсөтмө берүүчү карточкалар). Үйрөнүүгө, окууга кызыгуу деңгээли, жетишүү көрсөткүчтөрү төмөн, тез чарчаган, билим алууда көйгөйлөрү бар окуучулар. Бул деңгээлдеги окуучулар көбүнчө жай, көңүлү чөккөн болушат жана класстагы окуучулардан артта калышат. Инсанга багытталган окутуу ыкмасы колдонулбаган учурда, алар окууга кызыгуусун такыр жоготуп, класстан артта калуусу мүмкүн. Бирок чындыгында, ылайыктуу ыкма колдонулса, алар ийгиликтүү окуй алышат.

2-деңгээл. Конструктивдик. Алынган билим колдонулат («Б» тапшырмасы). Түшүндүрүлгөндөн кийин тапшырма өз алдынча аткарылат жана мугалим сөзсүз аларды текшерет. Бул деңгээлдеги окуучулардын окурмандык компетенттүүлүгү орто. Алар көп учурда шашып кетишет. Окуудагы жетишпегендиктердин себеби интеллектуалдык жөндөмдөрүнөн эмес, өтө шашмалыктан жана эмоционалдуулуктан

болуусу мүмкүн. Мугалимдин колдоосу мотивация берет жана окуу жол-жоболорун көрсөтөт: тапшырманын максатын эскертүү, топтук иш эрежелерин кайталоо, топтун ичинде ролдорду бөлүштүрүүгө жардам берүү.

3-деңгээл. Чыгармачылык. Окуучулардын билимин тереңдетет («В» тапшырмасы). Тапшырма өз алдынча аткарылат. Окуучулар алынган билимдерин өз алдынча колдонууга жана айрым тапшырмаларды чечүүгө чыгармачылык менен мамиле кылууну талап кылган бир кыйла татаал көнүгүүлөр менен иштешет. Бул окуучулар туруктуу көңүл буруп, маселени бөлүктөргө бөлүп талдай алышат; натыйжада алардын бирдиктүү көз карашы жана түшүнүүсү калыптандырылат. Алар окуу убагында жалпылоо жөндөмүн ийгиликтүү өздөштүрүшүп, сөз байлыгы кенен болушат [2, 20-21-бб.].

Дифференцияланган окутууну колдонууга кандай стратегиялар жардам бере тургандыгын башталгыч класстын мугалимдеринин сабактарына байкоого чыккан учурда аныкталды. Ошондой эле менин «Башталгыч класстардын «адабий окуу» сабактарында ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуу» темасындагы илимий изилдөө ишимде дифференцияланган окутууда «болжолдоонун ар кандай ыкмалары» стратегиясы жакшы натыйжа бергендигин эксперимент жүргүзгөн базалык мектептердин окуучуларынын көрсөткүчтөрү далил боло алат.

Андыктан, башталгыч класстын мугалимдерине дифференцияланган окутууну колдонууда ыңгайлуу стратегияларды сунуштоого болот. Алардын айрымдарына токтололу.

«Бекет боюнча орун алмашуу» (ротация) стратегиясы. Стратегияны колдонуунун максаты: окуучулардын окуу топтору боюнча бөлүштүрүү жана көндүмдөрдүн калыптанышынын ар түрдүү деңгээлдерин жана кабыл алуу түрлөрүн/жөндөмдүүлүктөрүн эске алуу менен көп деңгээлдүү тапшырмаларды аткаруу аркылуу окутуу. Бул стратегияны колдонууда окуучулардын тобу үчөө, бекеттердин тобу төртөө экендиги маанилүү. Окуучулар тобун төмөнкүдөй варианттарда бириктирүүгө болот. Биринчи топ: сөздөрдүн маанисин табуу же сөз байлыктарын кеңейтүү стратегияларын пайдаланууда кыйынчылыктарга кездешкен окуучулар. Экинчи топ: сөз байлыкты кеңейтүү стратегиясын пайдаланууну билген, бирок кошумча практикага муктаж окуучулар. Үчүнчү топ: сөз байлыгынын деңгээлдери стандартка ылайык келген окуучулардын сөз байлыгын кеңейтүү жана мындан ары байытуу керек. Демек, мындан тапшырмалардын деңгээлдери ар кандай болгондугун байкоого болот.

Окуучулардын окуу процессине тартуунун дагы бир ыкмасы «Окурмандардын пикирлеринин тизмеси». Стратегияны колдонуунун максаты – окуучулардын өз ылдамдыгы боюнча окуп-үйрөнүү мүмкүнчүлүктөрүн, алардын көндүмдөрдүн өнүгүү деңгээлин жана окутуу натыйжаларын сунуштоонун ар кандай жолдорун пайдалануу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен окуу ишмердүүлүгүн ар кандай түрлөрүн түзүү. Бул стратегия окуучуларга окуп-үйрөнүүгө болгон кызыгууну туудурган ар кандай форматтагы тапшырмаларды тандоо мүмкүнчүлүгүн берет. Мугалимдерге окуучулардын ар түрдүү көндүмдөрдүн өнүгүүсүнө багытталган окурмандардын пикирлеринин тизмесинин варианттарын иштеп чыгуу милдети турат. Мисалы, А тизмеси: кызыктуу фактылар; чыгарманын сюжеттик линиясы; чыгарманын башкы каарманын баяндоо; чыгарманын негизги оюу; окуя болуп өткөн ордун баяндоо. Б тизмеси: Бул чыгарма сизде кандай сезимдерди туудурат? Башкы каарман туура аракет жасады деп ойлойсузбу? Бул чыгарманын башкы каарманы буга чейин окулган китептердеги башка каармандарга эмнеси менен окшош? Автор өзүнүн чыгармасында кандай негизги ойду түшүндүрүүгө аракет кылып жатат? Бул окуянын сюжети менен сиз окуган башка окуянын сюжетин кантип салыштырса болот? Окуучулар өз деңгээлдерине ылайык келген тизмекти тандап алуусу окутуу максаттарына жетүүгө чоң мүмкүнчүлүк берет.

Эгерде официант сиздин табитиңизди карабай өзү каалаган тамакты алып келсе, сиздин реакцияңыз…. Демек, мугалимдер окуучулардын окуу деңгээлдерин, жөндөмдүүлүктөрүн эске алуу менен окутуу процессин уюштуруу негизги милдеттери экенин түшүнүүлөрү абзел.

Жыйынтыктап айтсак, башталыч класстын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүдө жана сапаттуу билим берүүдө системалуу окутууну дифференциялоо - окуу материалын өздөштүрүү процессинде окуучулар үчүн эң жагымдуу шарттарды түзүүгө жана алган билимдерин практикада колдонууга шарт түзөт.

Дифференциацияланган окутууну ишке ашырууда төмөнкү милдеттер талап кылынат:

1. Түрдүү типтеги, формадагы, түзүлүштөгү дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу; аларды сабак учурунда колдонуу максатын, ордун жана убактысын так аныктоо.

2. Окуучулардын өз шыктарын көрсөтүүлөрү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу үстүндө ой жүгүртүү. Аларга, суроо берүү, оригиналдуу идеяларды жана гипотезаларды айтууга мүмкүнчүлүк берүү.

3. Ой-пикирлерди бөлүшүү жагдайларын уюштуруу. Окуучуларды классташтарынын жоопторун толуктоого жана талдоого шыктандыруу.

4. Ар бир окуучунун жеке тажрыйбасын жана анын туюп билүү сезимин эске алуу.

5. Ар бир окуучунун ийгиликтүү болуусу үчүн

ыңгайлуу чөйрө түзүүгө умтулуу.

6. Тапшырмалардын, көнүгүүлөрдүн түрлөрүн кезеги менен алмаштарып туруу окуучуларды көп чарчатпайт жана зээриктирбейт.

7. Окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн ар кандай формаларын колдонуу: жекече, топтук, фронталдык.

Демек, окуучулардын окуу жана математикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө карата «Окуу керемет» долбоорунун алкагында сунушталган дифференцияланган окутуунун стратегиялары башталгыч мектептерде колдоого алынгандыгын баса белгилеп кетүүгө болот. Стратегиялар аркылуу окуучулардын билимдерди өздөштүрүү жана билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болуусунун натыйжалуулугу максаттуу мектептердеги сабактарга байкоо жүргүзүү учурунда байкалды. Окуучуларга тапшырмалардын татаалдык деңгээлин тандап алуу мүмкүнчүлүктөрү берилген. Мындай тандоо мүмкүнчүлүгү окуучулардын кызыгуусун арттырганы, шыктанууну жогорулатканы алардын иш-аракеттеринен көрүндү. Андыктан, дифференцирленген тапшырмалар билим берүүнүн мазмунун өздөштүрүү процессинде окуучулардын таанып билүүсүн, көңүл буруусун, акыл-эсин жана ойлоосун жогорку деңгээлге жетүүгө мүмкүнчүлүк түзүп, окуу жана математикалык көндүмдөрүнүн өнүккөндүгү аныкталды. Ошондуктан, биргелешкен окутууда дифференцияланган окутууну колдонуу өтө маанилүү.

**Адабияттар:**


1. 1-2-модулдар. Башталгыч мектепте дифференциялык жана интеграциялык окутуу. USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору. – Б.:2021. -200-б.
2. 6-модуль. Инсанга багытталган окутуу. USAIDдин «Келгиле окуйбуз» долбоору.
3. Выготский Л.С. Собр.соч: в 2 т., Т.1. –М.: Педагогика, 1982. – С. 250.
4. Выготский Л.С. Проблемы детской (возрастной) психологии // Выготский Л.С. Собр.точ.: В 6 т. Т. 4. –М.: Педагогика, 1984. – С. 264.
5. Дифференциацияланган окутуу - Википедия https://ky.wiki pedia.org/wiki.
6. Писаренко, В. И. Индивидуализация, дифференциация и интеграция в инновационном обучении/ В.И. Писаренко // Перспективные информационные технологии и интеллектуальные системы. – 2006. –№2. – С. 99-106.
7. Акматова Ч.А. Коммуникативная компетентность как важный компонент педагогической культуры педагогов дошкольных образовательных учреждений. // Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 3. С. 102-105.